К.Т. Секимова, БГУ

КЫРГЫЗ ТИЛИНЕ ОРУС ТИЛИНЕН КАБЫЛ АЛЫНГАН СӨЗДӨРДҮН ЛЕКСИКО–СЕМАНТИКАЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

Белгилүү бир тилге тиешелүү болгон лексикалык элементтер экинчи бир тилдин семантикалык, фонетикалык, грамматикалык өзгөрүүлөрүнө учурайт. Анткени, кандай гана сөз болбосун башка тилге өтүү менен ошол тилдин грамматикалык законуна баш ийет.

Сөздөрдүн семантикалык жактан өздөштүрүлүүсү ошол сөз өздөштүрүлүп жаткан мезгилдеги элдин экономикалык , илимий – техникалык , маданий дэңгээлине жана өздөштүрүлүп жаткан элдин тилине ал сөздүн кайсы мааниси кабыл алгандыгына байланыштуу болот. Ошол себептүү революцияга чейинки жана революциядан кийинки алгачкы мезгилде 20-30- жылдардагы кабыл алынган сөздөрдүн семантикалык жактан өздөштүрүлүшү менен азыркы мезгилдеги кабыл алынып жаткан сөздөрдүн семантикалык өздөштүрүлүшүнүн ортосунда бир кыйла айырмачылыктар бар.

Ошондой эле сөздөрдү өздөштүрүүдө бир тилдеги көп маанилүү сөздөр экинчи бир тилге дайыма эле бардык маанилери менен толук кабыл алына бербейт. Себеби, ал зарылчылыкка карай адегенде бир же эки мааниси кабыл алынышы мүмкүн. Мисалы, орус тилиндеги **билет** деген сөздүн бир нече лексикалык мааниси бар.

1.Бир нерседен пайдаланууга укук берүүчү акчага сатып алынган документ.

2. Белгилүү бир уюмга, партияга тиешелүүлүктү күбөлөндүрүүчү документ.

3. Кандайдыр бир текст жазылган баракча. Экзамендик билет.

Кыргыз тилинде революцияга чейинки бул сөздүн бир нерседен пайдаланууга укук берүүчү документ деген биринчи мааниси гана кабыл алынган. Калган маанилерин өздөштүрүүгө ал учурда шарт да, зарылчылык да жок болуучу. Себеби , ал маанилерди билдирген түшүнүктүн өзү кыргыз тилине кабыл алына элек болчу.

Кабыл алынуучу сөздүн кыргыз тилинде жок түшүнүгү гана орус сөзү менен өздөштүрүлүп, кыргыз тилине мурдатан белгилүү түшүнүгү кыргыздардын төл сөзү менен айтылып кала берген. Натыйжада андай сөздөр кыргыз тилине бүткүл мааниси менен эмес бир – эки мааниде өздөштүрүлгөн.

Одеяло – керебетке жабылуучу жука жабууну да ичине жүн салып жасалган буюмду да билдирет. Мунун экинчи мааниси кыргыз тилиндеги “жууркан” деген сөздү билдиргендиктен, бул сөз кыргыз тилинде биринчи гана маанисинде кабыл алынган.

Перевод - бир жакка акча жөнөтүү маанисинде гана колдонулат да башка маанисин кыргыздын “котормо” төл сөзү менен берген.

Спутник – жердин жасалма жандоочусу деген мааниде гана колдонулат. Башка мааниси кыргыздын төл сөзү менен “**жолдош**” деп берилет. /мой спутник/;

Орус тилинен кабыл алынган сөздөрдүн ортосундагы тыбыштык окшоштуктар жана кабыл алынган сөздү эне тилинин грамматикалык өзгөчөлүктөрүнө ылайыкташтыруунун натыйжасында толуп жаткан омоним сөздөрдү пайда кылган.

Кабыл алынган орус сөздөрүнүн өз нормасынан бир аз өзгөчөлөнтүп кыргыз тилинин тыбыштык законуна ылайыктап колдонуу жагы совет бийлигинин алгачкы жылдарында орун алган. Буга орфографиялык эрежелер да жол берип келген. 1930 -жылы орфографияга орус тилинен кабыл алынган сөздөрдүн кыргыз тилинин тыбыштык өзгөчөлүктөрүнө ылайыкталып өзгөртүлүп колдонула тургандыгы көрсөтүлгөн болучу.

Ал эми революциядан кийин кирген сөздөр кыргыз тилинин фонетикалык мүмкүнчүлүгүнө туура келгендиктен, тыбыштык жагынан өзгөрбөй, орус тилиндегидей эле нормада колдонулуп жатат.

Бас:1: жоон (бас менен ырдоо/, орусча бас/, Бас :2: Бир нерсени басуу , этиш **Бас**: 3 Тез басып кетүү.

Чек .1: Акча берип чек алуу /Орусча чек./; Чек ,2; чек ара;

Чек. 3; тамеки чегүү;

Чек, жумушка чыгуу/;

Чек 4 сырдык сөз

Азыркы этапта кыргыз калкынын көпчүлүк массасы кабыл алынган орус сөздөрүн фонетикалык өзгөчөлүктөрү боюнча сабаттуу өздөштүрүүгө жетишип калышты. Мына ошондуктан кабыл алынган орус сөздөрүн мурдагыдай кыргыз тилинин тыбыш өзгөчөлүктөрүнө баш ийдирип, орфографиялоо маселесин кайрадан карап чыгып аларды мүмкүн болушунча орус орфографиясынын нормасы боюнча жазуу керек экендиги күндөлүк практикада ачык көрүндү. Мына ушундай шарттардын негизинде кыргыз тилинин өз бөтөнчөлүктөрүнө ылайыкталып кабыл алынган орус сөздөр аркылуу пайда болгон омонимдердин саны азыркы кезде азайды. Туура кыргыздын төл сөздөрүнө омонимдик катышы бар болгон:

Бут 1.адамдардын айбандардын жана канаттуулардын басып жүрүүгө ылайыкталган мүчөсү.

2. Күзүндө ошол бир кочуштан бир бут эгин алсак , азыркынын эсесин кайтарып алганыбыз ошол болбойбу деген гана ойдомун. (Ч.Айтматов “Гүлсарат” Ыр 1978 ж.85 – бет)

Чот /счет/ сыяктуу сөздөр азыр орус тилиндегидей эле колдонула баштагандыктан омонимдик катарлардын составынан чыгып калды . Бул сөздөр өздөрүнө омоним болуп калган кыргыз сөздөрү менен кээде оозеки айтууда гана окшоштугун сактап, жазууда алардан айырмалангандыктан азыркы кыргыз тилинде алар омонимдер эмес, омофондор айтылышы гана окшош, жазууда айырмаланган сөздөр болуп калды.

Орус тилинен кирген төл сөздөр омографтарды да түзүшкөн. Мисалы, **курсант** деген сөз кыргыз

тилинде кубанычтуу, көңүлдүү, ыраазы деген мааниде колдонулса . орус тилинен **курсант** деген сөз атайын окуу жайынын окуучусу дегенди билдирет.

Мисалы: Тилегим орундалып самап жүргөн **курсанты** мен дагы анын катардагы" /Маликов К./.

Отурду бак кароочу "аягыла" деп кыпкызыл анарына **курсант** болуп. (Бекжанова Р. Орус тилинен кирген сөздөрдүн таасири менен түзүлгөн омонимдер, Кыргыз тилинин грамматикасынын жана лексикасынын очерктери. Фрунзе 1985 ж. /Үмөталиев /

Азыр тилдеги өсүп – өнүгүү, өзгөчөлүктөргө байланыштуу бул өңдүү айрым синонимдердин орус тилинен кирген түгөйлөрү күндөлүк турмушта активдүү колдонулуп , төл сөздөн турган түгөйү кийинки синонимдик жаңы маанисинен ажырап , алгачкы түпкү маанисинде гана колдонулуп калгандыгы, же кээ бирөөлөрү колдонуудан таптакыр чыгып калгандыгын байкайбыз. Мисалы, 20- жылдары **кеңеш өкмөтү, совет өкмөтү** деген сөздөр синоним болсо, азыр бул мааниде совет өкмөтү гана колдонулуп, "**кеңеш**" өзүнүн алгачкы "кеңеш берүү" деген маанисинде гана колдонулуп калды.

Орус тилинен кирген айрым сөздөр кыргыз тилиндеги төл сөздөр менен катар айтылышынын натыйжасында коп сандаган синонимдер пайда болгон Мисалы, Кожоюн хозяин – орус тилинен – ээ. Орус тилинен кирген кээ бир синонимдердин кыргызча эквиваленти жок. Андай синонимдер орус тилинен даяр түрдө оошуп кирген: Доктор – врач, летчик-учкуч,аэроплан - самолет деген синонимдик катарлар эне тилибиздин лексикасын байытты. (Б. Суранчиев Орус тилинен кирген сөздөр аркылуу түзүлгөн синонимдер Ф. 1965.99 - бет). Бир тилден экинчи тилге оошуп кирген сөздөр ал тилде фонетикалык жана морфологиялык жактан өздөштүрүлөт. Азыркы мезгилде орус тилинен кабыл алынып жаткан сөздөрдү фонетикалык жактан өздөштүрүү анчалык кыйынчылыкты туудурбайт. Анткени , ал сөздөр орус тилинде кандай айтылса жана кандай жазылса , кыргыз тилинде да ошондой айтылат жана жазылат. Орус тилинен кирген сөздөрдү морфологиялык жагынан туура кароонун мааниси чоң.

Кыргыз тилине орус тилинен ар түрдүү составдагы сөздөр өздөштүрүлдү; жөнөкөй сөздөр: стакан, стол, шапка, татаал тутумдуу сөздөр: самовар, водопровод.

Бул сыяктуу кабыл алынган сөздөрдү грамматикалык жактан туура жазуу эң мурда ал сөздөрдүн кайсы сөз түркүмүнө тиешелүү экендигин аныктап алуу зарыл. Анткени кыргыз тилиндеги мүчөлөр бардык сөз түркүмдөрүнө бирдей даражада жалгана бербестиги, ар бир сөз түркүмдөрүнүн өзүнө тиешелүү мүчөлөрү бар экендиги жалпыга белгилүү.

Мисалы,трактор,самовар, комбайн деген сөздөр качан гана өзү билдирген заттар колдонууга кире баштагандан тартып кыргыз тилинде кеңири колдонула баштады. Орус тилинен кабыл алынган сөздөр кайсы сөз түркүмүнө тиешелүү экендигине карабастан, өздөрүнө мүнөздүү болгон грамматикалык белгилеринен ажырап роддук көрсөткүчтөрү , жөндөмө жана жак мүчөлөрү менен өзгөрүлүп, көптүк санда айтылып кыргыз тилине атооч жөндөмөдө кабыл алынат. Аларга грамматикалык маани берүүчү кыргыз тилиндеги тиешелүү мүчөлөр жалганат. Кыргыз тилинин грамматикалык өзгөчүлүгүнө байланыштуу орус тилинен кирген зат атоочтор кыргыз тилинде роддук белгилеринен ажырайт да , роддук маани кээде лексикалык жол менен да берилип калат: учкуч аял, врач кыз.

Кийинки мезгилдерде айрым сөздөр жөнөкөй родду билдирген мүчөлөр менен бирге кабыл алына баштады:

актриса, медичка, разведчица, лаборантка Орус тилинен кирген предметтик маанидеги сөздөрдү көптүк мааниде айтууда ага көптүк - лар мүчөсү жалганат.М: тракторлор, айылдар

Орус тилинен кыргыз тилине аягына **- ист, - изм** мүчөлөрү уланган көп сандаган интернационалдык сөздөр да оошуп кирген.

Революциядан кийинки алгачкы мезгилдерде жогорку мүчөлөрдү кыргыз тилиндеги мүчөлөр менен алмаштырып берип келишкен:

капиталчыл, социалчыл, марксисчил. Бирок бул формада уюшулган сөздөр көпкө жашай алган жок- ,себеби кыргыз тилиндеги - чыл мүчөсү жогорку мүчөлөрдүн маанисин толук бере алган жок.

Орус тилинен кыргыз тилине жалаң гана жөнөкөй сөздөр эмес ар түрдүү моделде жасалган татаал сөздөр да өздөштүрүлгөн.

1. Эки жөнөкөй сөздүн бирге айтылышы менен жасалып , жаңы лексикалык мааниге ээ болгон сөздөр. Мындай татаал сөздөрдүн эки компоненти тең которулбай орусча кабыл алынган, же бир компоненти кыргызча которулуп алынган:

Кино – студия кино - механик , кино - жыйнак авто – мончо , контр сокку.

2.Ар башка маанидеги эки сөздүн ортосун бириктирүүчү үндүүнүн кошо айтылуусу менен жазылган сөздөр:

Круг – о – зор круг жана зор, зрение, электр – о – монтер электр жана монтер

Сам – о –лет сам жана летать сам – о – вар сам жана варить

3.Биринчи сөзү уңгу түрүндөгү аны менен мүчө жалганган сөздөрдүн кошо айтылуусу менен жасалган сөздөр : **товар - о – ведение товар жана ведение**

Кыргыз тилинин лексикасында орус тилинен оошуп кирген сапаттык сын атоочтор кезикпейт. Көбүнчө **- ский, - ный** сыяктуу суффикстер менен жасалган катыштык сын атоочтор кыргызча кабыл алынган. Мисалы, - лык мүчөсү – ский суффиксинин ордуна колдонулат. агротехнический – агротехникалык, советский - совет- тик ный мүчөсүнүн ордуна колдонулат:

автомобиль- ный – автомобиль – дик, мораль – ный - морал- дык.

Кыргыз тилиндеги луу мүчөсү орус тилиндеги төмөндөгүдөй мүчөлөрдүн ордуна колдонулат: **гениаль – ный – гениал – дуу талантливый - талант – туу.**

Кыргыз тилине орус тилинен чыныгы этиштердин кабыл алынгандыгы байкалат.

Орус тилинен кабыл алынуучу этиштер дээрлик субстантивдешкен түрдө келип кирет да , андан кийин аларга ар кандай мүчөлөрдү жалгоо менен этиштик маани берилет, мындай көрүнүш жалгыз гана кыргыз тилине мүнөздүү болбостон , жалпы түрк тилдери үчүн да мүнөздүү.

Кабыл алынуучу этиш сөздөргө кыргызча грамматикалык форма берүүдө да алардын атооч жөндөмдөгү атоочтук негизи алынып, андан кийин кыргыз тилиндеги этиш жасоочу мүчөлөрү жалганат.

Мисалы: орус тилиндеги арендовать, асфальтировать, аттестовать, деген этиштердин кыргыз тилине өздөштүрүлүшү эң мурун алардын атоочтук уңгусу бөлүнүп алынып, андан кийин ага жалганып турган орус тилиндеги

- ировать - изировать, - овать мүчөлөрүнүн маанисин так бере ала турган кыргыз тилдеги – лоо жана лаштыруу мүчөлөрү жалганган;

Аренда – лоо, асфальт – тоо, аттестация – лоо.

1924- жылы кыргыз эли басма сөзгө ээ болуп , адабий тилдин өнүгүшүнө кыргыздын төл сөздөрүнөн жаңы маанидеги сөздөрдү жасоодо жалгыз гана семантикалык жол пайдаланылбастан , фонетикалык, морфологиялык, синтаксистик жол да кеңири пайдаланылган.

Адабияттар

1. Бекжанов Р. Орус тилинен кирген сөздөрдүн таасири менен түзүлгөн омонимдер. Кыргыз тилинин грамматикасынын жана лексикасынын очерктери. -Ф:.1985. 76 – бет.
2. Дыйканов К. Кыргыз тилинин тарыхынан ,- Ф.: Мектеп, 1987.
3. Курманалиева В. Азыркы кыргыз тилинин лекскасынын өсүшүнүн кээ бир маселелери . –Ф.: Мектеп, 1969.
4. Карасаев Х. Накыл сөздөр. – Ф.: Мектеп, 1987.
5. Суранчиев П. Орус тилинен кирген сөздөр.- Ф., 1965.
6. Юнусалиев Б.М. Киргизская лексикология. – Ф.: Киргизучпедгиз, 1959.
7. Ибраимов С. Тил илиминин негиздери .- Б., 2009.202 б.
8. Карыбекова М. Кыргыз тилиндеги көркөм сүрөт өнөр терминдеринин лексико - грамматикалык өзгөчөлүктөрү.- Б., 2015.